"Мен Аллахтын Элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кол астындагы бала элем. (Тамактанууда) колум табактын ар тарабына кетет эле. Ошондо Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мага: "Эй, бала! Бисмиллах" - деп, Аллахтын атын ата. Оң колуң менен жана өз алдыңдан жегин!" – деп айтты. Мен ошондон бери (Аллахтын Элчиси үйрөткөндөй) тамактанам".*@

Умар бин Абу Салама (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылып мындай деп айтты: "Мен Аллахтын Элчисинин (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кол астындагы бала элем. (Тамактанууда) колум табактын ар тарабына кетет эле. Ошондо Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мага: "Эй, бала! Бисмиллах" - деп, Аллахтын атын ата. Оң колуң менен жана өз алдыңдан жегин!" – деп айтты. Мен ошондон бери (Аллахтын Элчиси үйрөткөндөй) тамактанам".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Умар бин Аби Салама (Аллах алардан ыраазы болсун) Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) аялы Умму Саламанын уулу, мындай деп кабарлап жатат. Ал Пайгамбардын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) тарбиясында жана камкордугунда болгон. Ал тамак ичип жаткан учурда тамакты алуу үчүн колун идиштин ар тарабына сунчу. Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ага тамактануунун үч эрежесин үйрөттү. Биринчиси: Тамактанып баштаганда "бисмиллах" деп айтуу. Экинчиси: оң кол менен тамактануу. Үчүнчүсү: Өзүнө жакын тараптан тамактануу.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/58120